КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО
ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА
БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫ

ЕККУ
Европадагы Коопсуздук жана
Кызматташтык Уюмунун
**Бишкектеги программалык кеңсеси**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА ДЕН СООЛУГУНУН МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРҮ ЧЕКТЕЛҮҮ ШАЙЛООЧУЛАРДЫН ШАЙЛОО УКУКТАРЫН ЖҮЗӨГӨ АШЫРУУ БОЮНЧА ЧАРАЛАР ЖӨНҮНДӨ



ЖК ШАЙЛОО ВЫБОРЫ 2020


ЕККУ
Европадагы Коопсуздук жана
Кызматташтык Уюмунун
**Бишкектеги программалык кеңсеси**

Бул материал ЕККУнун Бишкектеги Программалык кеңсесинин колдоосу менен чыгарылган.

Материалда камтылган авторлордун пикирлери, интерпретациялары жана корутундулары ЕККУнун/ЕККУнун Бишкектеги Программалык кеңсесинин, жана ЕККУнун мүчө мамлекеттеринин расмий позициясын сөзсүз түрдө чагылдырбайт. ЕККУ/ЕККУнун Бишкектеги Программалык кеңсеси бул материалда камтылган маалыматка байланышкан чыгымдар же зыян тартуулар үчүн жоопкерчиликтүү эмес.

# КЫСКАРТУУЛАРДЫН ТИЗМЕСИ

| | |
|---|---|
| Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук шайлоо комиссиясы | **БШК** |
| Аймактык шайлоо комиссиясы | **АШК** |
| Участкалык шайлоо комиссиясы | **УШК** |
| Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү шайлоочулар | **ДМЧШ** |
| Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары | **ЖӨБО** |



# КИРИШҮҮ

Кыргыз Республикасынын коомчулугунда ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар тууралуу маселе, анын ичинде алардын саясий турмушка тең укуктуу жана инклюзивдүү катышуусун камсыз кылуу көз карашынан алганда да, абдан маанилүү экенин аңдап-түшүнүү өсүп баратат. Саясий турмушка катышуудагы тең укуктуулук жана инклюзивдүүлүктү жогорулатуу улуттук мыйзамдарда, ошондой эле өлкөнүн стратегиялык документтеринде белгиленген. Кыргыз Республикасынын Конституциясы жарандарга он сегиз жашка толгондон кийин шайлоолордо добуш берүү укугуна кепилдик берет. Эч ким жыныстык, расалык белгилери, тили, майыптыгы, этностук тиешелүүлүгү, туткан дини, жаш-курагы, саясий же башка ишенимдери, билими, теги, мүлктүк же башка абалы, ошондой эле башка шарттар боюнча кодулоого алынбоого тийиш. Мындан сырткары,  муну менен Кыргыз Республикасы ден соолугу жактан мүмкүнчүлүктөрү  чектелүү адамдарды коргоого алууга жана алардын саясий процесстерге катышуусуна шарттарды түзүп берүүгө милдеттенгенин моюнга алат.

Кыргыз Республикасында саясий турмушка катышууга жана эркин добуш берүүгө жолтоо болгон укуктук жана административдик тоскоолдуктарды жоюу боюнча этаптык иш-чаралар жүзөгө ашырылып жатат. БШКнын негизги максаты болуп ДМЧШдын шайлоолордо добуш берүүдө  ордун басуучулук мамиледен  түздөн түз катышуусуна өтүү жана ДМЧШ бардык жарандар менен бирдей укуктарга ээ экенин көрсөтүү эсептелет.

ДМЧШдын шайлоолорго катышуусун кеңейтүү төмөнкү жолдор аркылуу камсыздалат:

- добуш берүү үчүн жайдын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу жана көмөк кылуунун атайын каражаттары (ДМЧШдын муктаждык картасын түзүү) менен жабдуу, ошондой эле ДМЧШдын муктаждыктарын канааттандыруу;
- ДМЧШдын иш жүзүндөгү санын эсепке алуу;
- атайын форматтарды колдонуу менен ДМЧШды кабардар кылуу;

- үгүт материалдарынын жеткиликтүүлүгү шарттарын түзүү;
- жашыруун добуш берүүнү ишке ашыруу үчүн шарттарды түзүү;
- аймактык, участкалык шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүн, мамлекеттик органдардын жана башкаруу органдарынын өкүлдөрүн окутуу;
- ДМЧШды жергиликтүү өз алдынча шайлоолорго тартууга жарандык катышуу акциялары;
- шайлануучу органдардагы өкүлдөрдүн санын көбөйтүү.

ДМЧШга багытталган атайын чаралар менен катар, шайлоочулардын санын көбөйтүү боюнча жалпы чаралар (шайлоочулардын тизмелерин түзүү жана тактоо, биометрикалык каттоо, маалымдар кылуу ж.б.) ДМЧШды шайлоолорго катыштырууну жогорулатууга өбөлгө түзөт.



# МЫЙЗАМДАР

Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук базасында ДМЧШдын шайлоого катышуусу үчүн эч кандай укуктук тоскоолдуктар жок. Шайлоо укуктары, негизинен, төмөнкү ченемдик укуктук актылар менен жөнгө салынат:

- ✓ Майыптардын укуктары жөнүндөгү Конвенция;
- ✓ Кыргыз Республикасынын Конституциясы;
- ✓ Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» конституциялык Мыйзамы;
- ✓ Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Мыйзамы;
- ✓ Кыргыз Республикасынын «Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын укуктары жана кепилдиктери жөнүндө» Мыйзамы;
- ✓ БШКнын токтому менен 2017-жылдын 7-октябрында бекитилген № 506 «Кыргыз Республикасында шайлоону жана референдумдарды өткөрүү учурунда ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү жарандардын шайлоо укуктарын ишке ашырууну камсыз кылуу жөнүндө» Жобо;
- ✓ БШКнын токтому менен 2016-жылдын 17-ноябрында бекитилген №2 16 «Кыргыз Республикасын шайлоо жана референдум өткөрүү айрым категориялар жарандардын шайлоо укуктарын камсыз кылуу жөнүндө» Жобо.

Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарында ДМЧШдын муктаждыктарын эске алуу менен, алардын шайлоолорго катышуусуна зарыл болгон иш-аракеттердин, чаралардын комплекси каралгандарын, анын ичине добуш берүү үчүн жайлардын жеткиликтүүлүгү боюнча талаптар, атайын форматтарды колдонуу менен кабардар кылуу стандарттары, статистика (эсеп) жүргүзүү жана көмөк көрсөтүү камтылат.

# ДЕН СООЛУГУНУН МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРҮ ЧЕКТЕЛҮҮ АДАМДАРДЫН ШАЙЛОО УКУКТАРЫН КАМСЫЗ КЫЛУУ СТРАТЕГИЯСЫ

2018-жылдын 13-августунда Кыргыз Республикасынын Туруктуу өнүктүрүү боюнча улуттук кеңеш тарабы нан 2018-2020-жылдарда Кыргыз Республикасынын шайлоолор жөнүндө мыйзамдарын өркүндөтүү Стратегиясы жактырылган. Стратегия максаттарды жана аларга жетүүнүн жолдорун ар тараптуу комплекстүү тандап алуу болуп эсептелет; негизги узак мөөнөттүү жана кыска мөөнөттүү максаттар жана милдеттер көрсөтүлгөн, шайлоо мыйзамдарынын зарыл өзгөртүүлөрүн, шайлоо процессии уюштуруучулук-техникалык камсыздоону жакшыртуу боюнча айрым практикалык чараларды, ошондой эле болжолдонгон мөөнөттө максаттарга жетүүнүн индикаторлорун камтыган иш-чаралар белгиленген документ болуп саналат.

ДМЧШга карата алганда, добуш берүү үчүн жайлардын, маалымдоо стандарттарынын жеткиликтүүлүгү жана ушул сыяктуулар тууралуу ченемдик тапшырмалар Стратегияда көрсөтүлгөн. Бүгүнкү күндө КР шайлоолор жөнүндө мыйзамдарына өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча Стратегияда каралган бардык иш-чаралар (ДМЧШ боюнча) толугу менен аткарылды.

БШК жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтү өнүктүрүү боюнча өнөктөштөр менен биргелешип Стратегияда белгиленген милдеттерди укук колдонуу практикасында жүзөгө ашыруу боюнча уюштуруучулук чараларды ишке ашырууда.




# ӨЗ АРА АРАКЕТТЕШҮҮ

БШК ДМЧШдын шайлоолорго катышуусунун бардык маселелери боюнча ДМЧШ менен тыгыз кызматташуунун маанилүүлүгүн жана кеңешүүнүн зарылдыгын түшүнүп, 2019-жылдын 20-июнундагы № 2 чечими менен ДМЧШдын шайлоо укуктарын камсыз кылуу боюнча жумушчу топ түзгөн. Бул жумушчу топ 2017-жылдан бери иштеп келе жатат, 2019-жылы курамы мамлекеттик органдардын жана жарандык коомдун өкүлдөрү менен кеңейтилген. БШК ушул эле чечими менен жумушчу топтун 2020-жылды кошо камтыган Планын бекиткен.

Жумушчу топ иштеп баштаган мезгилден бери анын мүчөлөрү добуш берүү үчүн жайлардын жеткиликтүүлүгүн аудиттөөнү мониторинг кылууга; БШКнын Жобосуна өзгөртүүлөрдү иштеп чыгууга; маалыматтык материалдардын долбоорлоруна эксперттик сунуштамаларды берүүгө катышты.

Жумушчу топтун курамына ДМЧШдын кызыкчылыктарын чагылдырган жарандык коомдун өкүлдөрүнөн жана ДМЧШ арасындагы жарандык активисттерден турган 14 адам кирет. Жумушчу топто ЕККУнун жана Шайлоо системаларынын эл аралык фондунун Кыргыз Республикасындагы өкүлчүлүгүнүн өкүлдөрү да бар.

Жумушчу топ иштегенден бери 8 кеңешме жана улуттук 2 конференция өткөрдү. Жумушчу топ добуш берүү үчүн жайлардын жеткиликтүүлүгүн аудиттөөнүн формасын бекитти. Топтун жарандык коомдун өкүлдөрү болгон айрым мүчөлөрү БШКнын атайын өкүлдөрү жана системдик администраторлору, АШК жана УШК төрагалары менен катчылары үчүн өткөрүлгөн ДМЧШдын шайлоо укуктарын камсыз кылуу боюнча чаралар тууралуу тренингдерге катышты. Бардыгы болуп окутуп-үйрөтүүчү 4 тренинг өткөрүлдү. Тренингдер ЕККУнун программалык офисинин жана Шайлоо системаларынын эл аралык фондунун Кыргыз Республикасындагы өкүлчүлүгүнүн техникалык колдоосу менен өткөрүлгөн.



# БШКнын ЖУМУШЧУ ТОБУНДАГЫ ЖАРАНДЫК КООМДУН ӨКҮЛДӨРҮ

| Аты-жөнү | Кызматы |
|---|---|
| Өмүрканова Чолпон Аскербековна | Жумушчу топтун жетекчисинин орун басары, «Эгль» Коомдук фондунун директору |
| Абдылдаева Керемет Турсуновна | Майыптардын «Талыкпас-Ата» коомдук бирикмеси |
| Алымбек кызы Гүлмайрам | «Назик-кыз» Коомдук бирикмеси |
| Дүйшөнова Гүлзар | Жарандык активист, укук коргоочу |
| Жумабекова Тамара | «АРДИ» КБнин директору, майыптардын ата-энелеринин ассоциациясы |
| Жыргалбеков Жакшылык Жыргалбекович | «Психикалык саламаттык жана коомчулук» КБнин аткаруучу директору |
| Исаков Бакыт | Кыргыз улуттук паралимпиялык комитети |
| Исаков Толкунбек Маматович | «Майыптарга юридикалык жардам көрсөтүү» Коомдук фондунун президенти |
| Майнаев Камилжан | Майыптардын «Сезим» коомдук фондунун жетекчиси |
| Мукашев Эрмек Жайлообаевич | Кыргызстандагы азиздер жана дүлөйлөр коому |
| Мураталиева Укей | «Назик-кыз» Коомдук бирикмеси |
| Мусаева Асипа Мусаевна | Кыргызстандагы майып-аялдардын республикалык көз карандысыз ассоциациясы |
| Сыдыков Жумгалбек Тургунбекович | Майыптардын республикалык коому |
| Төлөнова А. | «Бирдей мүмкүнчүлүктөр» Социалдык борборунун директору |

(QR код на страницу РГ)

# ЖЕТКИЛИКТҮҮЛҮК


2017-жылы Жумушчу топ тарабынан 270 шайлоо участкасынын жеткиликтүүлүгү аудиттен өткөрүлгөн, анын жыйынтыгында шайлоо участкаларынын үчтөн бири гана пандустар менен жабдылып, алардын ичинен болгону 10% КР СЧЭне жооп берери аныкталган.


2019-2020-жылдары Жумушчу топ бардык шайлоо участкаларын аудиттен өткөрдү. Республика боюнча бардыгы 2389 шайлоо участкасы аудиттен өткөрүлүп, алардын ичинде 1031де пандустар бар, 1358инде орнотулбаганы белгилүү болду (жыйынтыктар аудит учуру үчүн берилген, азыркы тапта жыйынтыктар пандустары бар шайлоо участкасынын көбөйүшү тарапка өзгөрүүдө).

Мында БШК КР Өкмөтү менен биргелешип УШКды билим берүү, маданий жана административдик мекемелердин имараттарында жайгаштырууну эсепке алуу менен, тиешелүү мамлекеттик органдардын ортосунда милдеттерди бөлүштүрүү аркылуу УШКнын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылууну жүзөгө ашырууда.

Жергиликтүү кеңештердин жана КР Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоолорго даярдыктардын жыйынтыгынын негизинде шайлоо участкасынын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу боюнча иштер аткарылууда. Мисалы, Токмок шаарында 2020-жылдын март-май айларында 10 шайлоо участкасында пандустар орнотулду. УШКнын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу боюнча иш-чаралар улантылып жатат.

Техникалык же башка шарттарга байланыштуу пандустарды орнотууга мүмкүн болбогон УШКда мындай жайлар убактылуу чара катары ДМЧШга арналган атайын көрнөктөрдө жайгашкан көмөк суроо басмактары менен жабдылууда.






# ДМЧ ШАЙЛООЧУЛАРДЫН ЭСЕБИН АЛУУ (СТАТИСТИКА)

БШКнын Жумушчу тобу тарабынан ДМЧШдын иш жүзүндөгү санын эсепке алуу формасы иштелип чыгып, андан соң БШК токтому менен бекитилген. Форма республикадагы, областтардагы, райондордогу жана калктуу пункттардагы ДМЧШдын иш жүзүндөгү саны тууралуу маалыматтарды камтыйт. Социалдык өнүктүрүүнүн ыйгарым укуктуу органынын мекемелериндеги (мындай мекемелердин кардарлары болуп ДМЧШ да эсептелет) жарандардын иш жүзүндөгү саны тууралуу маалыматтарды берүү формасы бекитилген. Бул форма өзүнө республика, областтар, райондор боюнча мындай мекемелердеги жарандардын иш жүзүндөгү саны, жатак-орундардын лимити, жайгашкан дареги, калктуу пункттун аталышы тууралуу маалыматтарды камтыйт.

КР Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигинин маалыматтары боюнча, бүгүнкү күндө майыптыгы боюнча жөлөкпул алган 72583 ДМЧШ бар. Социалдык өнүктүрүү мекемелеринде 342 ДМЧШ бар, мындай мекемелердин жалпы саны 6.



# ДМЧШдын МУКТАЖДЫК КАРТАСЫ

Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоолорго даярдыктын жыйынтыгы боюнча, ДМЧШдын муктаждык картасынын формасы түзүлгөн. Муктаждык карталары УШК боюнча түзүлөт.

ДМЧШдын трафареттерге, чоңойтуучу лупаларга, ДМЧШ үчүн ылайыкташтырылган добуш берүү кабиналарын орнотууга болгон муктаждыктары аныкталган.

Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоолорго бардык УШК чоңойтуучу лупалар, трафареттер менен жабдылды, ошондой эле добуш берүү үчүн бир кабина ДМЧШ үчүн ылайыкташтырылып, ДМЧШдын атайын белгиси менен белгиленди.

Муктаждык картасынын формасына камтылган ДМЧШ алардын шайлоочулар тизмесине киргизилгендигин, шайлоочулар тизмесиндеги жеке маалыматтардагы так эместиктерди  аныктоо максатында кайрадан текшерүүдөн өткөрүлдү.

ЖӨБОна жана мамлекеттик органдардын аймактык башкармалыктарына ДМЧШдын жашаган жеринен добуш берүүчү жайга чейинки кыймыл маршрутунун жеткиликтүүлүгү чараларын камсыз кылуу тууралуу кайрылуулар жөнөтүлдү, бул чараларга:

- ✓социалдык таксини ж.б. уюштуруу;
- ✓ишке ыктыярчыларды, сурдокотормочуларды тартуу, «ДМЧШ коңшунду ала кел» акциясын уюштуруу кирет.








# ШАЙЛООЛОР ЖӨНҮНДӨГҮ МЫЙЗАМДАРДЫН ДЕН СООЛУГУНУН МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРҮ ЧЕКТЕЛҮҮ ШАЙЛООЧУЛАРДЫН ШАЙЛООЛОРГО КАТЫШУУСУНДА ИНКЛЮЗИВДҮҮЛҮКТҮ КАМСЫЗ КЫЛУУ БОЮНЧА НЕГИЗГИ СТАНДАРТТАРЫ



**Жигердүү шайлоо укугу**

Кыргыз Республикасынын 18 жаш курагына толгон жарандары шайлоого укуктуу. Добуш берүүгө катышуу үчүн биометрикалык каттоодон өтүү зарыл.

**Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү шайлоочулар**

- активдүү шайлоо укугуна ээ, жалпы шарттарда шайлоо укуктарын толук кандуу жүзөгө ашырууну чектөөгө алып келген угуу, көрүү, таяныч-кыймыл аппаратынын функциялары бузулган, оорулар, жаракаттардын же кемчиликтердин кесепеттери менен шартталган, организм функциялары туруктуу бузулган, ден соолугу начар Кыргыз Республикасынын жарандары.



# ШАЙЛООЧУЛАРДЫН ТИЗМЕСИ

Шайлоочулардын тизмеси – Калктын бирдиктүү мамлекеттик реестринин негизинде электрондук жана кагаз түрүндө түзүлүүчү, даяр болуу деңгээлине жана арналышына жараша алдын ала, контролдук жана биротоло бүткөн болуп бөлүнүүчү, добуш берүү күнүндө жигердүү шайлоо укугуна ээ Кыргыз Республикасынын жарандарынын тизмеси.

Шайлоочулардын тизмелери төмөнкү жерлерде жайгаштырылат жана илинет:

- шайлоочулардын алдын ала тизмеси – добуш берүүдөн 80 календардык күн мурда мамлекеттик порталда жана добуш берүүдөн 80 календардык күн мурда участкалык шайлоо комиссияларында;
- шайлоочулардын контролдук тизмеси – добуш берүүдөн 35 календардык күн мурда мамлекеттик порталда жана добуш берүүдөн 35 календардык күн мурда участкалык шайлоо комиссияларында;
- шайлоочулардын биротоло тизмеси – добуш берүүдөн 7 календардык күн мурда мамлекеттик порталда жана добуш берүүдөн 7 календардык күн мурда участкалык шайлоо комиссияларында.



# ШАЙЛООЧУЛАРДЫН ТИЗМЕЛЕРИН ТАКТОО

Шайлоочулардын алдын ала тизмесинде ар кандай ката, так эместик табылган учурда, ошондой эле шайлоочулардын алдын ала тизмесине кирбей калганда же шайлоо дареги өзгөргөндө, шайлоочу добуш берүүдөн 15 календардык күндөн кеч эмес мөөнөттө тиешелүү участкалык шайлоо комиссиясына ырастоочу документтер тиркелген арыз менен кайрылуу укугуна ээ, мында биометрикалык идентификациядан өтүүгө тийиш.

Арызды мыйзамда белгиленген тартипте авторизациядан өтүп, «Тизме» мамлекеттик порталы аркылуу «Шайлоочунун кабинети» сервиси менен электрондук түрдө берүүгө жол берилет.

**Зарыл болгон документтер:**

Кыргыз Республикасынын жаранынын паспортунун көчүрмөсү;

арызды берүүдө биометрикалык идентификациядан өткөндүгү тууралуу чек.

Тиешелүү шайлоо комиссиясы арызга жоопту арыз алынгандан 7 календардык күндөн кеч эмес мөөнөттө шайлоочу арызда көрсөткөн дарекке кагаз түрүндө же электрондук түрдө жөнөтөт.



ЖӨБО социалдык өнүктүрүү тармагындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аймактык башкармалыктарына жергиликтүү өзүн өзү башкаруунун аймагында жашаган, бирок өзүнүн бар экенин текшерүү жана добуш берүүгө катышуу үчүн шайлоо участкасына келе албаган ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү жарандардын тизмесин берүү тууралуу сурам жөнөтөт.

ЖӨБО бар болгон маалыматтардын негизинде ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү жарандардын тизмесин түзөт жана муниципалдык мекемелер жана аймактык коомдук өз алдынча башкаруу органдары (муниципалдык аймактык башкаруулар, үй, көчө жана кварталдык комитеттер, жамааттар ж.б.) аркылуу тийиштүү шайлоо участкасындагы шайлоочулардын тизмесинде аларды тактоо боюнча ишти уюштурат.

Жергиликтүү кеңештерге депуттаттарды шайлоо өткөрүлгөндө шайлоочулардын тизмесине жергиликтүү коомчулуктун мүчөлөрү болгон (паспортунда жашаган жеринин каттоосу тууралуу белги коюлган) жарандар киргизилет.

Тийиштүү шайлоо участкасынын шайлоочуларынын тизмесинде жаран жок болгон учурда ЖӨБО МККнын Тейлөө борбору аркылуу (119 акысыз номери боюнча) шайлоочу жөнүндө төмөнкү маалыматты текшерет:

а) башка шайлоо участкасынын шайлоочуларынын тизмесинде шайлоочунун бар экендигин;

б) шайлоочулардын тизмесинде шайлоочунун жок экендигин.

Эгерде шайлоочу башка шайлоо участкасынын шайлоочуларынын тизмесине киргизилсе же анын жеке

ЖӨБО социалдык өнүктүрүү тармагындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аймактык башкармалыктарына жергиликтүү өзүн өзү башкаруунун аймагында жашаган, бирок өзүнүн бар экенин текшерүү жана добуш берүүгө катышуу үчүн шайлоо участкасына келе албаган ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү жарандардын тизмесин берүү тууралуу сурам жөнөтөт.

ЖӨБО бар болгон маалыматтардын негизинде ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү жарандардын тизмесин түзөт жана муниципалдык мекемелер жана аймактык коомдук өз алдынча башкаруу органдары (муниципалдык аймактык башкаруулар, үй, көчө жана кварталдык комитеттер, жамааттар ж.б.) аркылуу тийиштүү шайлоо участкасындагы шайлоочулардын тизмесинде аларды тактоо боюнча ишти уюштурат.

Жергиликтүү кеңештерге депуттаттарды шайлоо өткөрүлгөндө шайлоочулардын тизмесине жергиликтүү коомчулуктун мүчөлөрү болгон (паспортунда жашаган жеринин каттоосу тууралуу белги коюлган) жарандар киргизилет.

Тийиштүү шайлоо участкасынын шайлоочуларынын тизмесинде жаран жок болгон учурда ЖӨБО МККнын Тейлөө борбору аркылуу (119 акысыз номери боюнча) шайлоочу жөнүндө төмөнкү маалыматты текшерет:

а) башка шайлоо участкасынын шайлоочуларынын тизмесинде шайлоочунун бар экендигин;

б) шайлоочулардын тизмесинде шайлоочунун жок экендигин.

Эгерде шайлоочу башка шайлоо участкасынын шайлоочуларынын тизмесине киргизилсе же анын жеке


# ДОБУШ БЕРҮҮЧҮ ЖАЙДЫН ЖЕТКИЛИКТҮҮЛҮГҮН КАМСЫЗ КЫЛУУ (МУКТАЖДЫК КАРТАСЫ)

Тийиштүү аймактык шайлоо комиссиясы социалдык өнүктүрүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аймактык бөлүмдөрү менен бирдикте ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү шайлоочулардын муктаждык картасын (мындан ары «Муктаждык картасы») **добуш берүү күнүнө чейин 60 календардык күндөн** кечиктирбестен түзөт.

Муктаждык картасы бардык маалыматтарды көрсөтүү менен, Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан бекитилген форма боюнча түзүлүп, добуш берүү үчүн орун-жайда өзгөчө шарттардын түзүлүшүнө муктаж болгон ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү шайлоочулар тууралуу **сандык жана сапаттык маалыматтарды** топтоо үчүн колдонулат.

УШК добуш берүү үчүн жайдын жеткиликтүүлүгүн жана маалыматтык материалдардын жеткиликтүүлүгүн баалоону жүргүзөт. Добуш берүү үчүн жайдын имаратынын кире беришинде пандустун болушу же жоктугу ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү шайлоочулардын Муктаждык картасында көрсөтүлөт.


Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, ошондой эле алардын кызмат адамдары шайлоо комиссияларынын добуш берүү үчүн жайдын жеткиликтүү эместиги тууралуу кайрылууларына токтоосуз түрдө тиешелүү чараларды көрүүгө милдеттүү. Пандустарды орнотууга мүмкүн болбогон учурда (техникалык себептерге байланыштуу), убактылуу жана бөтөнчө чара катары көмөк басмагын орнотууга жол берилет.





# ДОБУШ БЕРҮҮ ҮЧҮН ЖАЙЛАРГА КОЮЛУУЧУ ТАЛАПТАР

- добуш берүү үчүн столдор, кабиналар жана үкөктөр, ошондой эле маалымат такталары коляска колдонгон же өз алдынча басууда кыйынчылыктарга дуушар болгон шайлоочулар үчүн жеткиликтүү болгудай жайгаштырылышы керек (бийиктиги, туурасы, тереңдиги жана жайгашкан орду боюнча);
- добуш берүү үчүн бир кабина туурасы кеминде 40 см жана тереңдиги кеминде 30 см болгон, полдон 75 сантиметрден ашпаган деңгээлдеги бийиктикте бюллетенди толтуруу үчүн жайгашкан орун (стол, текче, таканчык ж.б.) менен жабдылууга тийиш.
- добуш берүү үчүн жайларда чоңойтуучу айнек (лупа) жана/же Брайль трафарети коюлууга тийиш, кошумча жарыктандыруу, отургучтар да каралышы зарыл (жок дегенде добуш берүү үчүн бир кабинада);
- добуш берүү үчүн орун-жайдагы адамдар бюллетендеги белгини көрбөш үчүн, добуш берүү үчүн үкөктөр (АБС) атайын жабдылган кабинадан бир жарым метрден алыс эмес аралыкта жайгашууга тийиш.



# КАБАРЛАНДЫРУУ ЖАНА ШАЙЛОО АЛДЫНДА ҮГҮТ ЖҮРГҮЗҮҮ


Шайлоочуларды кабарландыруу мамлекеттик органдар, жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдары, шайлоо комиссиялары, жалпыга маалымдоо каражаттары, юридикалык жана жеке жактар тарабынан бул Конституциялык мыйзамга жана аракеттеги мыйзамдарга ылайык жүргүзүлөт. Мамлекеттик органдар, жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдары, шайлоо комиссиялары жарандарды өз убагында жана туура маалымдар кылууга жоопкер болушат.

Көрүүсү боюнча ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү шайлоочуларды кабарландыруу үчүн маалымат тактасында ири арип менен жазылган жана (же) Брайль ариби колдонулуп жазылган материалдар жайгаштырылат.

Шайлоо комиссияларында шайлоо  кампаниясы (өзүн шайлоочулардын тизмесинен тактоонун тартиби, добуш берүүнүн убактысы жана орду, негизги шайлоо аракеттери, түз линиянын телефондору), шайлоого катышуучу талапкерлер, добуш берүүнүн тартиби, бюллетень толтуруунун жана башка процедураларды аткаруунун тартиби тууралуу аудиоформаттагы/видеоформаттагы (санариптик алып жүрүүчүлөрдө жазылган)  маалымат материалдары болууга тийиш.

Талапкерлер, саясий партиялар жалпы нускасынын бир пайызынан аз эмес саны ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү шайлоочулар үчүн окуганга ыңгайлуу чоңойтулган арипте, сурдокотормону же субтитрди колдонуу, ошондой эле Брайль арибин же атайын каражаттарды колдонуу менен басылып чыккан үгүт материалдарын жарыялоого жана таркатууга милдеттүү.





# ДОБУШ БЕРҮҮ ТАРТИБИ

Добуш берүү шайлоо күнүндө  саат 08:00дон 20:00го чейин өткөрүлөт. Участкалык шайлоо комиссиялары добуш берүү күнүнөн 10 календардык күндөн кеч эмес мөөнөттө массалык маалымат каражаттары аркылуу шайлоочуларды добуш берүүнүн орду жана убактысы тууралуу кабардар кылууга милдеттүү.

Добуш берүү үчүн жайда участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү операторлор менен биргелешип идентификация боюнча жабдууну колдонуу менен, биометрикалык жана жеке маалыматтарынын негизинде шайлоочунун  идентификациясын жүргүзүшөт.

Шайлоочу идентификациядан өткөндөн кийин чек бастырылып  чыгарылат. Шайлоочу чекти паспорту менен кошо шайлоо комиссиясынын мүчөсүнө көрсөткөн соң, ага чектин ордуна добуш берүү бюллетени берилет.

Шайлоочу шайлоо бюллетенин жашыруун добуш берүү үчүн атайын жабдылган кабинада же атайын жабдылган башка жерде толтурат, ал жерде башка адамдардын болушуна жол берилбейт.

Шайлоочу шайлоо бюллетенинде өзү тандаган талапкерге, саясий партияга тиешелүү болгон же «Бардыгына каршы» позициясындагы чарчыга тиешелүү белгини коёт.

Өз алдынча кол коюуга, шайлоо бюллетенин толтурууга мүмкүнчүлүктөрү болбогон шайлоочу оозеки арызы боюнча шайлоо комиссиясынын мүчөсү, талапкер, талапкердин, саясий партиянын өкүлү, байкоочу, коомдук байкоочу болуп саналбаган башка шайлоочунун жардамын пайдаланууга укуктуу. Ар бир шайлоочу жеке добуш берет, башка шайлоочулар үчүн добуш берүүгө жол берилбейт.



# ШАЙЛАНУУ УКУГУ

Ден соолугу жактан мүмкүнчүлүктөрү чектелүү, өзүн өзү көрсөтүү боюнча өз алдынча арыз жазуу, башка документтерди толтуруу мүмкүнчүлүктөрүнө ээ болбогон талапкер көрсөтүлсө, ал башка адамдын жардамын пайдалануу укугуна ээ болот. Мында каттоо документтерин толтурууга көмөк көрсөтүүчү адамдын ыйгарым укуктары нотариалдык түрдө күбөлөндүрүлгөн болушу керек.

Талапкерлердин тизмесин аныктоодо саясий партия:

✓ 2ден кем эмес талапкер - ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар болушун, мында алардын бири алгачкы 50 талапкердин катарына кириши керектигин эске алууга милдеттүү.



## ЭСБЕЛГИ ҮЧҮН

# ЭСБЕЛГИ ҮЧҮН

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын буйрутмасы боюнча басып чыгарылды.

Нускасы 5000 экз.

«Триада Принт» ЖЧК басмаканасында басылды
720021, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Гоголь, көч., 28 а